КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛАСТЫ
ДЕПУТАТТАРДЫН СҮЛҮКТҮ ШААРДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
СУЛЮКТИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ

**Сүлүктү шаардык кеңешинин (жетинчи чакырылышы) кезексиз XXXXIII сессиясы**

# Токтом № 205

5-сентябрь 2024-жыл Сүлүктү шаары

**Сүлүктү шаардык кеңешинин XXIV сессиясынын 05.04.2023ж. №103 токтому менен бекитилген "Сүлүктү шаарынын муниципалдык менчиктеги обьекттерди пайдаланууга жана ижарага берүүнүн тартиби" жөнүндө Жобого өзгөртүү киргизүү жөнүндө**

Сүлүктү шаарынын мэриясынын 05.09.2024ж. №01-7/2445 сандагы Сүлүктү шаарынын мэриясынын алдындагы муниципалдык менчик мекемесинин "Муниципалдык мүлктү ижарага берүү" жөнүндө типтүү жобосунун 8-бөлүмүнө толуктоолорду киргизүү жөнүндөгү каты боюнча угуп жана талкуулап Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын 27, 34 беренелеринин, 2009-жылдын 20-июлу №241 "Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө" Мыйзамынын 17-беренесинин негизинде Сүлүктү шаардык кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Сүлүктү шаардык кеңешинин XXIV сессиясынын 05.04.2023ж. №103 токтому менен бекитилген "Сүлүктү шаарынын муниципалдык менчиктеги обьекттерди пайдаланууга жана ижарага берүүнүн тартиби" жөнүндө Жобонун 8-бөлүмүнүн 73 пунктуна төмөнкүдөй толуктоолор киргизилсин

- "Муниципалдык менчик мамлекеттик-жеке өнөктөштүк келишимин ишке ашыруунун алкагында жеке ишкердик өнөктөш жана/же долбоордук компанияга берилсе"
- "Муниципалдык менчик Кыргыз Республикасынын коомчулукту өнүктүрүү жана инвестициялоо агентствосунун ортосундагы "Жергиликтүү коомчулуктарды колдоо долбоорун кошумча каржылоо" долбоорунун алкагында ири долбоорду ишке ашыруу жөнүндө Кыргыз Республикасынын коомчулукту өнүктүрүү жана инвестициялоо агентствосунун (АРИС) жана Сүлүктү шаарынын 2024-жылдагы макулдашуусунун алкагында белгиленген тартипте тандалган Бизнес-өнөктөшкө берилет

2. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы шаардык кеңештин "Муниципалдык менчик, архитектура жана курулуш" боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн

Төрага М.А. Кутбидинов